Мунафыктын мисалы эки үйүрдүн арасында турган кой сыяктуу. Кээде бирисине барат, кээде экинчисине барат

Ибн Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Мунафыктын мисалы эки үйүрдүн арасында турган кой сыяктуу. Кээде бирисине барат, кээде экинчисине барат».

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мунафыктын абалын түшүндүрүп, эки үйүрдүн кайсынысын ээрчүүнү билбеген, эки жүздүү абалын салыштырып кетти. Кээде бул үйүргө, кээде башка үйүргө барат. Алар ыйман менен куфрдун ортосунда арсарлангандар. Алар сыртынан да, ичинен да ыймандуулар менен эмес. Сыртынан да, ичинен да каапырлар менен эмес. Тескерисинче, алардын сырткы көрүнүштөрү ыймандуулар менен, ал эми ички ишенимдери күмөндөнүү жана шектенүү менен болот. Мына ошондуктан алар кээде ыймандууларга, кээде каапырларга оошот.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65019